## 1.1. 1.2. Билим берүү уюмунун миссиясы, стратегиялык өнүгүүсү

**Мектептин миссиясы:**

Ар бир баланын, бүтүрүүчүнүн , окуучунун ийгиликтүү ыңгайланышуусуна жана инсандык жөндөмдөрүнүн өөрчүп- өнүгүүсүнө мектеп керектүү шарттарды түзүп берет.

Билим берүүнүн сапатын жакшыртууну, башкаруу мектеп администрациясы тарабынан гумандуулуктун, демократиянын, динамикалык үзгүлтүксүз өнүгүүнүн жана натыйжаларды жакшыртуусуна умтулуунун принциптерине таянып жүзөгө ашырат.

- Ар тараптуу инсанды калыптандыруу максатында окуу процессинде окуучунун позициясында окутуп, ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта болуп, азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген гумандуу адамды тарбиялоо;
- инсандын жеке өзгөчүлүктөрүнө жараша ар бир окуучуга мумкун болушунча эн сапаттуу денгээлде негизги жалпы жана жалпы орто билим алуусун камсыз кылуу;
- мамлекеттин, коомдун, ата–эненин, окуучулардын билим алуусундагы керектөөсүн канааттандыруу, коомдун өнүгүүсүнө, жашоо шарттарына окуучуну көндүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- алдынкы иш тажрыйбаны пайдалануу менен окуучуларга заманбап сапаттуу билим, тарбия берүү жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иштеп, окутуунун интерактивдик усулдарын колдонуу менен Кыргыз Республикасынын салттарын, маданиятын терен сыйлаган аны баалоого, жөндөмдүүлүгү бар , жашоодо өз ордун таба алган инсандарды тарбиялоо;
- инсандын жеке өзгөчлүктөрүнө жараша ар бир окуучуга мүмкүн болушунча эң сапаттуу денгээлде негизги жалпы жана жалпы орто билим алуусун камсыз кылуу;

**Мектептин миссиясы төмөндөгү артыкчылыктар менен аныкталат:**

**Мектептин негизги баалуулуктары:**

- Инсандын эркиндигин жана укуктарын камсыз кылуу;
- Баланын укугун коргоо жөнүндөгүКонвенциянын талаптарын аткаруу;
- Адамдык баалуулуктар, руханий байлык жана мекенди сүйүү;

**Мектептин базалык баалулуктары:**

- Билим берүүнү гумандаштыруу идеяларын аңдап билуу;
- Окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, мектептин өнөктөштөрүнүн бири-бирине болгон ишеними жана сый урматы;
- Баардык билим берүүнүн катышуучуларына жогорку психологиялык ынгайлуулукка умтулуу;
- Мугалимдер жамаатынын жана балдар коллективинин өз ара уюштуруучулук денгээлин көтөрүүгө умтулуу;
- Мугалимдердин жана балдардын чыгармачылык өнүгүүсүнө көмөктөшүүчү эркин атмосфераны түзүү;
- Мектептин бардык бүтүрүүчүлөрүн билим берүү стандарттары менен камсыз кылуу;
- Мектептин баардык бүтүрүүчүлөрүнө кесип тандоого багыт берүү жана социалдык ынгайлашууну камсыз кылуу;

Миссия кызыктар

Мектепте 2022-жылдын 30-августунда №1 Педагогикалык кенешмеде бекитилген мектептин өнүктүрүү планында (стратегиялык план) жана учурдагы окутуп тарбиялоону жакшыртуу иштери чагылдырылган. Мектепти жана кызыкдар тараптарды өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктары менен дагы кандай талаптар керек экендиги эске алынып, мектептин өнүктүрүүнүн планына киргизилген, ал эми толуктоолор ОТЖПда жыл сайын анализделип киргизилет. Пед.кенештерден, өндүрүштүк кенешмелерде маселер каралып, максаттар, милдеттер, кемчиликтер каралып, алдыга коюлган иш-аракеттер, тапшырмалар алмашылып турат.

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин стратегиялык планы 6 жылга 3 этап менен бекитилген. Негизги катышуучулары педагогикалык жамаат, кенже кызматкерлер, окуучулар, ата-энелер болгондуктан, стратегиялык иш-планда катышуучулар менен алып барылган иштердеги күтүлүүчү натыйжалар камтылган, аткарылган иштер боюнча анализ жүргүзүлүп, алардын жыйынтыгы боюнча талкуулар болуп келет:

1-этапта (1-жыл: 2019\2020-окуу жылы) мектептин, анын катышуучуларынын реалдуу көйгөйлөрүн аныктоо, технологиялык каражаттар, аларды колдонуу иштерине анализ, диагностикалык иштерди алып баруу жана күтүлүүчү натыйжалар камтылган.

2-этапта (2,3,4-жыл: 2020\2021-окуу жылы, 2021\2022-окуу жылы, 2022\2023-окуу жылы) мектептин материалдык базасын чыңдоо, мугалимдердин методикалык чеберчилигин өркүндөтүү, мугалимдердин маалыматтык-технологиялык билимдерин жогорулатуу, окуучулардын шыктарына жараша багыт берүү, жөндөмдүү балдар менен иш-алып баруу ж.б. иш-чаралар күтүлүүчү натыйжалары менен бекитилген.

3-этап (2023\2024-окуу жылы) алдыда коюлган максаттардын ишке ашышы, аларды өнүктүрүү, чеберчилик менен иштөөнү улантуу, материалдык база, окуучулардын билим алуудагы кемчиликтерди оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү, күтүлүүчү натыйжасы менен каралган.

Стратегиялык иш-планда сырттан келген иш-кагаздар, ар башка инстанциялар менен биргелешип түзүлгөн иштер менен кошумчаланып, кайсы иштер ишке ашты, кемчиликтер боюнча педагогикалык кеңеште каралып, кошумчаланып келет.

Аялдарга карата зордук-зомбулукка каршы 5 ведомостволор арасында иш план бекитилип, төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлөт: Кыздар уюму менен бирдикте «Эрте никеге туруу», «Өздүк гигиенаны сактоо», «Үй-бүлөдөгү кыздын милдети», «Абийиринди жашыңдан сакта», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деген сыяктуу лекция, тегерек стол, жолугушуу кечелери өткөрүлдү.